# Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Йа муколлибал кулууби саббит колби алаа дииника" (Эй, жүрөктөрдү калчоочу Аллах, менин жүрөгүмдү динге бекем кыл)

Анас (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Йа муколлибал кулууби саббит колби алаа дииника" (Эй, жүрөктөрдү калчоочу Аллах, менин жүрөгүмдү динге бекем кыл)" - деп көп дуба кылчу. Мен: "О, Алахтын элчиси, биз сизге жана сиз алып келген динге ыйман келтирдик. Ошентсе да биз үчүн коркосузбу?" - деп сурадым. Ал: "Ооба, жүрөктөр Аллахтын манжаларынан эки манжасынын арасында турат. Кандай кааласа ошондой калчайт" - деди.

[Сахих (ишенимдүү)] [Ат-Тирмизи жана Ахмад жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) динге жана таат-ибадатка бекем кылуусун жана туура жолдон тайып кетүүдөн, адашуудан сактоосун сурап Аллахка көп дуба кылчу. Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип көп дуба кылганына Анас (Аллах андан ыраазы болсун) таң калып, анын жөнүн сураганда пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамдардын жүрөктөрү Аллахтын эки манжасынын ортосунда турарын, Аллах аларды каалагандай калчарын айтып түшүндүрөт. Жүрөк ыйман менен каапырлыктын чеги. Жүрөктү арабча "колбун" дейт, маниси ары-бери өзгөрүп туруучу дегенди туюндурат. Жүрөктүн өзгөрүүсү казан кайнап ашып кеткенден да бат өзгөрүп турат. Аллах кимди кааласа, анын жүрөгүн туура жолго багыттап, динде туруктуу кылат. Кимди кааласа, анын жүрөгүн туура жолдон тайдырып, адаштырат.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/3142